
**Бишкек шаарындагы №82 жалпы билим берүү орто мектебинин китепканасынын китеп фондун толуктоо ишинин 5 жылдык анализи**

| Фонддогу китептер | 2018-2019-окуу жылы | 2019-2020-окуу жылы | 2020-2021-окуу жылы | 2021-2022-окуу жылы | Кыргыз тилинде | Орус тилинде |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Көркөм адабий китептер | 3050 | 3220 | 3370 | 3370 | 67% | 33% |
| Окуу китептер | 18500 | 19000 | 19750 | 23812 | 80% | 20% |
| Методикалык колдонмо китептер | 3000 | 3150 | 3175 | 3450 | 55% | 45% |




Китепкананын фондун көркөм адабий китептер менен толуктоо жыл сайын планда каралган иш чаралар менен толукталып келет. Китепкана акын-жазуучулар менен жолугушуу уюштурууда алардын калемине таандык чыгармаларды жайылтуу максатында алардын китептери китепканага белекке берилип келет. Мындай иш чаралар салтка айланган жана жыл сайын өткөрүү пландалган.

Жеке ишкерлер тарабынан атайын окуучулардын купулуна толгон көркөм адабий китептер белек катары берилип келет.

Жыл сайын китепкана ата-энелер жана мугалимдер үчүн "Бир инсандан бир китеп" жарманкесин уюштуруу менен китеп текчелери толукталып келет.

"Окуу керемет" долбоору менен китепкана чет элдик жазуучулардын балдарга арналган жомокторун чыгармалары менен жаш жеткинчектер таанышa алышты.

Сканировано с CamScanner
Сканировано с CamScanner
Сканировано с CamScanner

Манасчылар менен биргеликте атайын сынактарды уюштуруу аркылуу да, жаңы чыгарылыштагы Манастын үчилтиги китеп текчелерден орун алды.

Окуу китептери жыл сайын жаңы басылып чыккан китептер менен толукталат. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин "Жаңы китеп" мекемеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 24-июлундагы №341 токтомунун Билим Берүү Системасын Бекемдөө" долбоорунун алкагында түзүлгөн. Мекеме Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарын окуу китептери менен камсыз кылууну жакшыртуу, ижарадан чогултулган акча каражаттарын топтоп жаңы окуу китептерин өз убагында басып чыгарууну туруктуу каржылоо максатында түзүлгөн. Мекеменин максаты – окуучуларды заманбап талаптарга жооп берген окуу китептери менен камсыз кылуу. "Жаңы китеп" мекемеси мамлекеттик эмес каражаттардын эсебинен түзүлгөн.

Методикалык колдонмо китептер райондук билим берүү бөлүмүнөн жаңыланып толукталып келет.

ОТИ боюнча директордун орун басары: Кулманова Б.А.

Китепкана башчысы: Өмүркулова Б.К.

Сканировано с CamScanner

Сканировано с CamScanner

Сканировано с CamScanner